**Тема: Ата-эне мээрими жана ашкере эркелик.**

**Максаты:**

Окуучулар ата – эне мээрими жана анын терс жактарын жомоктун, ырлардын, накыл кептердин негизинде түшүнүк алышат.

Ар кандай тапшырмаларды аткаруу менен ой жүгүртүүлөрүн, ан сезимдерин, кызыгууларын, конул бурууларын, онуктурүп, өстүрүшөт.

Ата-энени сыйлоо- ыймандуулуктун,адептүүлүктүн белгиси экендигин

билүүгө тарбияланышат.

**Күтүлүүчү натыйжа:**

-окуучулар ата- энесинин мээрими деген создүн маанисин терен түшүнүп, бирок мунун терс жактары бар экендигин билишсе

-алган билимдерин эстерине түйүп , өз турмуштарында жыйынтык чыгарса

- ата-энени сыйлоо ыймандуулуктун , адептүүлүктүн, белгиси экендигин билсе,түйсө.

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр,китеп жомок,ырлар, накыл создор ж.б.

**Сабктын жүрүшү:**

а) Уюштуруу

б) Өткөн сабакты бышыктоо:

1. Балдар айтkылачы жети атаны эмне үчүн билиш керек?

2.Бул боюнча биз Чынгыз Айтматовдун "Ак кеме" повестинен үзүндү

Окуганбыз. Ал үзүндүнүн аты эмне деп айтылат?

3.Чыгармадан баланын койгон суроосуна түшүндүнөрбү?

4.Ал суроого солдат эмне деп жооп берди ?

5.Жети атасын билбеген адамды кандай адам деп атоого болот экен?

в) Үй тапшырмасын текшерүү.

30-беттеги Атадан балага,баладан атага карай жети муундун аттарын жатка айтып беришет.

**Жаңы сабак:**

Мугалим ырды окуп берет да,ырда айтылган энениш эмгегине салыштырып, балдардын өз энелери тууралуу айтып берүүсүн уюштурат.

**Ким?**

Ак шейшепке орон сени,

Кичинекейден баккан ким?

Уйку корбой узун түндө,

Таптап сени жаткан ким?

Сүтүн берип,сүйүп ийтп,

Эркелетип күлгөн ким.

Кечке колдон түшүрбөстөн ,

"Кенжегим" деп жүргөн ким?

Бутуп шилтеп талпынганда,

Колдон кармап баскан ким?

Тилиң чыгып сүйлөгөндө,

Мээримдүү сөз айткан ким?

**Сүрөттор менен иштөө:**

-Сүрөттө кимдер тартылган?

-Эне балага кандай мээримди жасап жатат?

-Сүрөттөгү карап , алар жөнүндө айтылгандарды ырдан тапкыла.

Келгиле эми мен силерге элдик жомок"Урайча эне" аттуу жомокту айтып берейин. Урайча эненин өз балдары Аретан, Жолборс жана Илбирстерге кандай мамиле жасалганын , а балдары кандай болуп чоңойгонун айтып

берешпер ( мугалим окуучуларга жомокту сүрөттордүн жардамы менен айтып берет)

**Жомок боюнча суроолор**

1.Урайча эненин канча баласы болгон эле?

2.Алардын аттарын атагыла

3.Урайча эне балдарынын кайсы санаттарына сүйүнот экен?

4.Балдары энесине кандай мамиле жасапты?

5.Урайча эне картайып , эч кимге кереги жок болгондо, алсыз мыйлон кимге келип корголонтур?

6.Ал адамга эмне деп айтты?

**Эс алдыруу моонотү.**

Мээрим,мээрим,мээрим,

Мээрим деген эмине?

Мээрим-мээримдүү күн

Мээрим токкон жерине

Жакшы көрөм күндө эртелеп

Күндүн жайнап күлгонүн

Мээрим төгүп, бакчамдагы

Гүлдорүмдү өпкөнүн

Жакшы көрөм күндө эртелеп

Энем жайнап күлгонүн

"Тура гой" деп эркелетип,

Көздорүмдөн өпкөнүн

**Накыл сөздөрдү чечмелөө:**

(эки топко, эки накыл сөздөр таркатылат.окуучулар берилген убактын ичинде окуп,өз сөздөрү менен түшүндүрүшөт.

**1-топ:** Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада.

**2-топ:** Баланын билеги ооруса,эненин жүрөгү ооруйт.

**Сабактын башкы сөзүн чечмелөө:**

“ Эби жок эрке, уят болоор элге “

**Калпычы Канымгүл**

Канымгүл быйыл жетиде

Жаңы кирген мектепке

Тили келбейт эрке өскөн

“Й” деп сүйлөйт “Р” десе

-Кэчээ неге келбедиң?

-Бутум ооюп

-Бейшембидечи?

-Муйдум ооюп

-Бешиндечи?

-Мысыгым ооюп

-Онундачы?

Күчүгүм ооюп

-Үчүндөчү?

-Бассым ооюп

-Айткылачы,балдар.Канымгүлгө эмне деген сунуштарыңарды берер элеңер?

Канымгүлдүн жоругу силерге жактыбы?

Жогоруда биз чечмелеген накыл сөздөрдүн кайсынысына туура келет экен?

**Бышыктоочу  суроо-жооп:**

Балдар айткылачы биз бүгүн эмне жонүндо соз кылдык?

Кордүнорбү балдар ата-эне баласын аябай жакшы корот, эркелетет, бополойт. Баласы эң жаман иштерди кылса да,эне журогү менен кечирип журот экен.

Демек, ата-эне мээриминин тере жактары бар бекен?

Ата  эне  мээримин котopo,ашкере эркеликке, кыйноого,оз билгенин бербоого алып бapapын унутпагыла балдар!

Ата-энени сыйлоо, кадырлоо- бул адептүүлүктүн,ыймандуулуктун белгиси.

**Жыйынтыктоо:** топтордун чогулткан переелерин саноо.

**Үйго тапшырма:**  44-бет "Даярбек" окуп келүү.



“Эби жок эрке,
Уят болор элге”.